***Ибирайым кызы Айжан,***
***педагогика илимдеринин кандидаты,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***ага илимий кызматкер,***

***Акматов Д.А.,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***ага илимий кызматкер,***

***Дуйшеналиев Ж.С.,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***ага илимий кызматкер,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

# ИНФОРМАТИКА, КӨРКӨМ ӨНӨР ЖАНА МУЗЫКА ПРЕДМЕТТЕРИНИН МАЗМУНУН ЖАҢЫЛОО ШАРТТАРЫ

***Ибирайым кызы Айжан,***
***кандидат педагогических наук,***
***старший научный сотрудник,***

***Акматов Д.А.,***
***старший научный сотрудник,***

***Дуйшеналиев Ж.С.,***
***старший научный сотрудник,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

# УСЛОВИЯ МОДЕРНИЗАЦИИ СОДЕРЖАНИЯ ПРЕДМЕТОВ ИНФОРМАТИКИ, ИЗОБРАЗИТЕЛЬНО-ХУДОЖЕСТВЕННОГО ТВОРЧЕСТВА И МУЗЫКИ

***Ibiraiym kyzy Aijan,***
***Ph.D., Senior Researcher,***

***Akmatov D.A.,***
***Senior Researcher,***

***Dyishenaliev D.S.,***
***Senior Researcher,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# TERMS AND CONDITIONS OF MODERNIZATION THE CONTENT OF SUBJECTS INFORMATICS, ART AND MUSIC

***Аннотация:*** *Макалада Кыргызстандын азыркы шартында билим берүү системасынын жаңылануу иштери кандай жүзөгө ашырылып жаткандыгы жана жаңылоонун бир баскычынан экинчи бир баскычына өтүүдө кандай шарттар белгиленгендиги*

*жазылды. Андай шарттар Информатика, Көркөм өнөр жана Музыка предметтеринин алкагында кантип ишке ашырылаары белгиленди. Ошондой эле аталган предметтердин мазмунун жаңылоонун негизги өзгөчөлүктөрү каралды.*

***Аннотация:*** *В статье говорится о системе модернизации образования Кыргызстана и условиях перехода от одной образовательной ступени к другой. Описана реализация условий при изучении предметов информатики, ИХТ и музыки. Кроме того, выделены особенности модернизации предметных стандартов.*

***Annotation:*** *The article refers to the system of modernization of education in Kyrgyzstan and the conditions for the transition of one educational level to another. The implementation of the conditions for the study of computer science, art and music and music is described. In addition, features of the modernization of subject standards are highlighted.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *мамлекеттик стандарт, предметтик стандарт, окуу предмет, мазмун, жаңылоо, шарттар, компетенттүүлүктөр.*

***Ключевые слова:*** *государственный стандарт, предметный стандарт, учебный предмет, содержание, модернизация, условия, компетентность.*

***Key words:*** *state standard, subject standard, quality, academic subject, content, modernization, conditions, competence.*

*Кыргызстандын азыркы шартында билим берүү системасын жаңылоо иштери кандай жүзөгө ашырылууда?*

Кыргызстан мамлекеттик көз каранды эместикке жетишкенден кийин билим берүү тармагындагы жаңылануу процесси экинчи жаңы багытка бет алды. Анын башкы мааниси, мурдагы ийкеми азыраак, репродуктивдүү билим берүүгө көбүрөөк басым жасаган, консервативдүү социалдык структурадан, жаңылануунун жана инсандын, коомдун өнүгүшүн алдыга сүрөй турган структурага айландыруу максаты коюлду.

Ошол себептүү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүсүндө (билим берүүнүн башка да баскычтарында) билим берүүнүн мазмунун жаңылоо зарылчылыгы келип чыкты.

Билим берүүнүн мазмунун жаңылоодо мамлекеттин келечектеги өнүгүшү жана билим берүүнүн багыты аныкталып, алардын илимий изилдөөлөр менен тастыкталышы негизги аспектилердин бири болуп эсептелет.

Ошол себептүү Кыргыз билим берүү академиясында компетенттик мамиленин негизинде билим берүүнүн мазмунун, окуу китептерин жана окутуунун технологиясын жаңылоо багытында илим-изилдөө темалары изилденген. Ал эми «Кыргыз Республикасынын билим берүүнү өнүктүрүү Стратегиясына» ылайык билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын жаңы вариантынын негизинде илимий окуу-методикалык комплексин өркүндөтүү темасы уланып, изилдөө иштери жүргүзүлүп жатат [1; 4; 5]. Мындай изилдөөлөр Кыргызстандын билим берүү системасынын багытын, өнүгүү тенденциясын белгилеп, өнүгүүнүн кийинки этабын аныктап турган алгылыктуу иштерди камсыз кылмакчы.

Мындай изилдөөлөр компетенттик мамилеге негизделген билим берүүнүн мазмунунун түзүлүшүнө алып келди.

Жалпы билим берүүнүн мазмунун түзүүдө сапат идеясы жаңылануу процессинин өзөктүк идеясы болуп калды. Сапаттык идеяга басым жасалган бир катар олуттуу мамлекеттик чечимдер кабыл алынды. Алардын ичинен, маанилүүсү катары 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн Концепциясын

(КР Өкмөтүнүн 23.04.2012-ж. № 201 Токтому), 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн Стратегиясын (КР Өкмөтүнүн 23.04.2012-ж. № 201 Токтому), Жаштарды тарбиялоонун Концепциясын (2014-жылы КР ББИМ тарабынан бекитилген), мамлекеттик билим берүү стандартын (21.07.2014-ж. № 403 КР Өкмөтүнүн Токтому) ж.у.с. документтерди алсак болот.

Бул документтердин негизинде Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан жалпы билим берүүчү мектептер үчүн Базистик окуу планы иштелип чыгып (Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюму үчүн Базистик окуу пландарынын долбоорлорун бекитүү жөнүндө №1246/1. 8.10.2015-ж. министрликтин буйругу менен), коомчулуктун талкуусунан кийин, атайын жумушчу топтор тарабынан предметтер боюнча жаңы стандарттар түзүлүп, алар (Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-9-класстары үчүн «Математикалык», «Табигый илимий», «Технологиялык», «Социалдык», «Ден соолук маданияты» жана «Искусство» билим берүү чөйрөлөрүнүн жаңы муундагы сабактарынын стандарттары жөнүндө №1247/1. 8.10.2015-ж. Буйруктун негизинде) КР Билим берүү жана илим министрлигинин Коллегиясынан бекитилген.

Билим берүүдөгү стандарттарды жаңылоо, ишке ашыруудагы каржылоо булактарын табуу, бир канча өзгөртүүлөрдү киргизүү менен гана чектелбейт. Билим берүүдө жаңылануу дегенде, бизге негизинен мектептеги окуу күнү жана сааттардын саны, материалдык кээ бир мүмкүнчүлүктөрү, класстардын чоңойтулушу, компьютердик билим берүү, мектепке таянган жетекчилик (School based management), өлчөө жана баалоо системасынын жакшыртылышы, компетенцияларынын кеңейтилиши, билим берүүнүн натыйжасынын сапатына басым жасалышы сыяктуу аракеттер ойго келет.

*Бир баскычтан экинчи бир баскычка өтүүдө кандай шарттар белгиленди?*

Жеке инсанга багытталган билим берүү, же инсанды, анын <u>жеке өзгөчөлүктөрүн, кызыкчылыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен</u> окутуу – азыркы билим берүүнү сапаттык жактан жаңылоонун башкы шарттарынын бири болуп калды. Биздин оюбузча ал төмөндөгүдөй талаптарды чагылдырат:

– билим берүүнүн негизги баалуулугу, инсандын оригиналдуулугу, өзүнчөлүгү жана кайталангыс уникалдуулугу боюнча жеке индивидум катары калыптанып жаралышын кабыл алуу, таануу;

– дифференцирленген, ар түрдүү деңгээлдеги окутууну ишке ашырууга керектүү билим берүүнүн альтернативдүү формаларынын болушу;

– ар бир окуучуга, анын жеке өзгөчөлүктөрүнүн, турмуштук баалуулуктарынын, умтулууларынын негизинде өзүнүн өнүгүү жолун тандап алуу укугунун берилиши. Мындай талаптар өз кезегинде сапатка жетүүнүн шарттарын аныктады.

Ал өз кезегинде компетенттик мамиленин негизинде билим берүү, инсанга багытталган билим берүү, же инсанды, анын жеке өзгөчөлүктөрүн, кызыкчылыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен окутуу, <u>натыйжага багытталган</u> билим берүү менен т.а. азыркы билим берүүнү сапаттык жактан жаңылоонун башкы шарттарынын бири катары эсептелди.

Натыйжага багытталган билим берүүнүн түпкү мааниси – окуучуга бериле турган билим практикада колдонууга ээ болууга тийиш.

Учурдагы билим берүүнүн жаңы муундагы стандарттарын түзүүдө да сапатты камсыз кылуунун бирден-бир шарты болуп

билим берүүнүн натыйжасына басым коюу саналды. Ал окуучунун жеке инсандык жетишкендиктерин баалоодо багыт көрсөтөт жана окуучунун ишмердүүлүк ыкмаларын акыл эстүү колдоно билүүсүнө негиз боло алат.

Инсандын жеке өзгөчөлүктөрүн, анын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жана натыйжага багыттап окутуу менен окутуу – өз кезегинде окуучунун алган билиминин өлчөнүп баалана тургандай болушу керектигин да шарттайт. Себеби, стандарттагы белгиленген минималдык талаптардын аткарылып, же тескерисинче аткарылбай жатышы аныкталууга тийиш.

*Ал эми Информатика, Көркөм өнөр жана Музыка предметтери боюнча түзүлгөн стандарттарда мындай шарттар ишке ашырылабы?*

Айталык, **Информатика** предмети Базалык окуу планда «Технология» билим берүү тарамында орун алып, ал адамдын иш-аракетинин түрдүү багыттарында колдонулушун аныктайт жана жалпы билим берүүнүн прагматикалык багытын камсыздайт. Билим берүүнүн бул тармагында окуучулардын чыгармачыл багытта өнүгүүсүнө көмөктөш болгон өз алдынча аткара турган долбоордук жана изилдөө иш-аракеттери негизги ролду ойнойт.

Ал эми натыйжага келе турган болсок, предметти окутуунун *натыйжасы* – бул инсандык, жарандык жана кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоону ишке ашыруу үчүн жетиштүү болгон индивидуалдык компетенттүүлүктөрдүн жыйындысы. Информатика предметин окуу предмети катары да, окутуунун каражаты да окуу предметтер аралык байланыштар менен окутуу өзгөчөлүгү бар. Информатика сабагында өздөштүрүлгөн билимдер жана иш-аракеттер (ИКТ каражаттарын колдонуу менен бирге) окуучулар тарабынан башка предметтерди окуп-үйрөнүүдө да, башка турмуштук кырдаалдарда да колдонулууда. Мындай билимдер инсандын калыптануусунда маанилүү роль ойноодо. Мектепте информатика предмети окутула баштаган күндөн тартып, билим берүү натыйжаларын калыптандыруу тажрыйбасы топтолуп келген. Муну азыркы күндө билим берүүнүн заманбап натыйжалары деп аташат.

Информатика сабагын окуунун негизги предметтик натыйжалары *«Информация жана информациялык процесстер», «Компьютер», «Алгоритм жана программалоо», «Информациялык-коммуникациялык технологиялар»* аттуу мазмундук багыттарда чагылдырылган [8].

ИКТ каражаттары окуу процессин индивидуалдаштырууга, анын таасирдүүлүгү менен натыйжалуулугун жогорулатууга шарт түзөт.

Окуучунун негизги жалпы билим берүү программасын өздөштүрүүдөн күтүлгөн натыйжалар алардын билим берүү процессиндеги жетишкендиктеринин уюштурулуш позициясынан да, бул натыйжаларга жетишкендиктерди баалоо позициясынан да инсандык, метапредметтик жана предметтик натыйжалар боюнча жалпы түшүнүктү тактайт жана конкреттештирет. Таяныч окуу материалы боюнча окуу иш-аракеттеринин системасын мүнөздөөчү натыйжалар **«Бүтүрүүчү......үйрөнөт»** бөлүмүнө жайгаштырылган. Булар таяныч окуу материалынын бүтүрүүчүдөн күтүлгөн өздөштүрүү деңгээлин көрсөтүп турат. Бул натыйжаларга окуучулардын көбү жетише алат жана негизги деңгээлдеги тапшырмалар катары (аткаруучулук компетенттүүлүгү) же болбосо жогорку деңгээлдеги тапшырмалар (жакынкы өнүгүү зонасы) катары жыйынтыктоочу баага кошулат.

Ал эми **Көркөм өнөр** предметин ала турган болсок, бул предмет "Технология" билим берүү тарамында орун алган.

Башталгыч мектепте окуучулар Көркөм өнөр предметинде сүрөт искусствосу боюнча билимдерге ээ болушуп, чыгармачылык ишмердүүлүк (практикалык) тармагында билгичтиктер калыптандырылат жана көндүмдөргө ээ болушат. Тактап айтканда, башталгыч класстын окуучуларында *эстетикалык* (мында искусство чыгармаларынын баалуулугун белгилей алуу, алар жөнүндө өзүнүн оюн эркин баяндай алуу, калыптанып калган көркөм чыгармаларынын өз элинин жана дүйнө элдеринин көркөм маданиятына кызыгуусун арттыруу, жеке өзүнүн жана башка эстетикалык категориялардын позициясында чыгармачылык ишмердүүлүгүн баалай билүүсү), б*аалуулук* (сүрөт искусствосу, музыка жана башка ар түрдүү темалардын алкагында өзүнүн көз карашын аргументтүү чагылдыруу жөндөмүн арттыруу) жана *чыгармачылык* (окуучулардын өз алдынча көркөм чыгармачылыгындагы креативдүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү) компетенттүлүктөрү калыптандырылат.

Ал эми негизги мектепте уланмалуулук сакталып, предметти окуп-үйрөнүү окуучулардын сабактардагы ар кыл формалардагы көркөм ишмердүүлүгүнө эсептелген: тегиздикте жана көлөмдүү чагылдыруу; декоративдик жана конструктивдик иш; чындыктын кубулуштарын жана искусство чыгармаларын (слайддарды, репродукцияларды) кабылдоо, сабакта жолдошторунун иштерин, өзүнүн жамааттык чыгармачылыгынын жана жекече ишинин натыйжаларын талкуулоо; көркөм мурастарды окуп-үйрөнүү; окуучулардын окулуп жаткан темаларга иллюстрациялык материалды тандап алуу боюнча издөө иштери; кыргыз элинин жана башка элдердин музыкалык (элдик, классикалык, заманбап) жана адабий чыгармаларын угуу сыяктуу компетенцияларын калыптандырууга багытталган. Мектептин негизги баскычында (5-7-класстарда) окуучулар жеткиликтүү деңгээлде сүрөт (пластикалык) искусстволордун түрлөрүн, сүрөт жана колдонмо ишмердүүлүктүн технологияларын өздөштүрүшөт. Алар: натюрморттун, портреттин, пейзаждын салттуу жанрларында иштешет; техникалык ыкмалардын деңгээли менен чектелбестен, белгилүү бир көркөм мазмунду туюндуруунун каражаттары катары мейкиндик терендикти, предметтердин көлөмүн (перспектива, көлөкө ж.б.) берүү ыкмаларын үйрөнүү ишке ашырышат; искусствонун түрлөрүнүн көркөм-эстетикалык маанисин ачып берүү боюнча билимдерди өздөштүрүшөт; искусствонун ар кандай түрлөрүнүн чыгармалары менен, искусство таануунун маанилүү түшүнүктөрү менен таанышуу жүргүзүлөт; өз элинин жана дүйнө элдердин маданияты тууралуу билимдери кеңейет [10].

«Көркөм өнөр» жалпы билим берүүчү предмети беш **билим берүү тарамдарынан** жана үч **мазмундук багыттан** турат:

1. Графика
2. Живопись
3. Скульптура
4. Архитектура
5. Декоративдик-колдонмо жасалга өнөрү жана дизайн.

Көркөм өнөр предметинин **мазмундук багыттары**:

1. Сүрөт искусствосу, анын түрлөрү жана жанрлары.

2. Сүрөт искусствосунун тили жана көркөм образ.

3. Сүрөт искусствосундагы тема, сюжет жана композиция.

Аталган предметти окутуу процессинде окуучулардын чыгармачыл жана эстетика-

лык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө басым жасалып, алган билимдерин турмушта колдоно билүүгө үйрөнүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. «Көркөм өнөр» предмети искусствонун ар түрдүү тармактарынын: графика, живопись, бедизчилик (скульптура), колдонмо жасалга өнөрү, айлана-чөйрөнү эстетикалык уюштуруу, композиция ж.б. негиздери боюнча интеграцияланган курс болуп саналат, окуучулардын адам жашоосундагы искусствонун маанисин түшүнүүсүнө, алардын чыгармачыл дараметин ачууга жана көркөм ишмердүүлүктүн ыкмаларын колдонуусуна өбөлгөлөрдү түзөт [10].

«Көркөм өнөр» предметинин окуп-үйрөнүү обьектиси болуп улуттук, ата мекендик жана дүйнөлүк көркөм маданияттын тажрыйбасы менен кылымдар аралыгында иштелип чыккан эмгек ишмердүүлүгүнүн көндүмдөрү эсептелет.

**Музыка** предметине келе турган болсок, музыка “Искусство” билим берүү тарамында орун алган. Предмет музыканын коом менен жаратылыштын жана музыканы кабыл алуу психологиясы менен тыгыз байланышын, музыканын идеяларын тереңдетүүгө багытталган. Ошондой эле музыканы адабият, көркөм өнөр, тарых, Ата-Мекендик жана дүйнөлүк көркөм маданият, адабият предметтери менен байланыштыруу максаты көздөлөт. Ошого байланыштуу «Музыка» предметинин мазмунун жаңылоонун өзгөчөлүктөрү болуп:

- музыкалык билим берүүнүн идеяларын тереңдетүү;
- музыкалык материалдарды жаңылоо менен адабий жана көркөмдүк методдорду киргизүү;
- музыканын баалуулуктарын жаратылышта, үрп-адатта, адамдардын бири-бири менен болгон мамилесинде, фантазиясында, сезиминде, турмуш-тиричиликтин ар түрдүү чөйрөсүнүн өсүп-өнүгүүсүндө ачып көрсөтүү;
- музыканын мазмунун чечмелөөнү системалуу жайгаштыруу;
- музыкалык-эстетика, эстетика, адабият таануу, музыка таануу жана искусство таануу илимдеринин жетишкендиктерин практика жүзүндө ишке ашырылып келе жатканын эске алуу менен, музыкалык искусствону стилдик өңүттүн көз карашында кароо эсептелет [9].

Бул предметтин жаңы стандартынын түзүлүшү төмөнкү мазмундук тилкелерге таянды:

- Музыканын тили – музыкалык таасирдүүлүктүн каражаты.
- Музыкалык образ.
- Музыканын тиби, формасы, стили жана жанрлары.
- Автор (автордун дүйнөсү).

Буга кошумча Музыка предметинин предметтик компетенттүүлүктөрү аныкталды. Алар:

- Эмоционалдык-баалуулук.
- Музыкалык-эстетикалык.
- Аткаруучулук.

Бул предметтин мазмунунда төмөнкү багыттар боюнча олуттуу өзгөрүүлөр болду:

- Уктуруу жана аткаруу үчүн берилген музыкалык чыгармаларда.
- Музыкалык адабият боюнча материалдарда.
- Музыканын теориясы боюнча материалдарда.

Андан сырткары окуу программасында аткарылуучу негизги милдет болуп окуучурларды *ойлоонун жана речтин* маданиятына тарбиялоо эсептелет. Азыркы күнгө чейин ойлоонун жана речтин маданиятына тарбиялоо милдети кыргыз тили жана адабият предметтерине тиешелүүлүгү каралып келген, азыр да улантылууда. Бул милдеттин жаңычылдыгы «Музыка» предметинде *«предметтер аралык өз ара аракеттешүү»*

методун колдонуу менен ишке ашырылат [9].

Демек, эгемендүү өлкө болгондон тартып Кыргызстандагы билим берүү системасын заманбап тенденциялардын негизинде модернизациялоо, жалпы билим берүүнүн сапатын жолго коюу – жалпы эле билим берүү системасынын сапатынын камсыздалышына өбөлгө болуп бермекчи.

Жыйынтыктап айтканда, Информатика, Көркөм өнөр жана Музыка предметтеринин жаңыланган мазмундары учурдун талабына ылайык түзүлүп, компетенттик мамилеге негизделген билим берүүнүн мазмунунун азыркы жалпы билим берүүдө окутулуп жатышына себеп болууда.

***Адабияттар:***


1. *Билим берүүнүн мазмунун оптималдаштыруу жана баалоо проблемалары. 2012-2014-жж. карата Кыргыз билим берүү академиясынын НИР тарабынан бекитилген илимий отчетторго анализ. – Б., 2014.*
2. *Закон КР «Об образовании». //http://www.toktom.kg от 30 апреля 2003 г. №92. – С. 5.*
3. *Ибирайым кызы А. Мектеп информатикасы: натыйжага багыттап окутуу жана жаңыча баалоо. // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2019. – № 2. – С. 97-100.*
4. *Концепции обновления предметного образования в школах Кыргызской Республики. – Бишкек, 1995. – 45 с.*
5. *Кыргыз Республикасынын билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясына ылайык билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын 2014-жылдагы жаңы вариантынын негизинде илимий окуу-методикалык комплексин өркүндөтүү. 2015-2017-жж. карата Кыргыз билим берүү академиясынын НИР тарабынан бекитилген илимий отчетторго анализ. – Б., 2015.*
6. *Маданияттык-компетенттик мамиленин негизинде мектепте табигый-математикалык билим берүүнүн мазмунун жана аны реализациялоонун технологиясын модернизациялоо. КББАнын 2009-2011- жылдардагы НИР темасы боюнча отчетторго анализ. – Бишкек. – 185 б.*
7. *Программа Правительства по реализации Национальной стратегии устойчивого развития КР на период 2013-2017 годы. – Б., 2012.*
8. *Предметный стандарт по предмету Информатика. – Б., 2015. 45 с.*
9. *Учебная программа по предмету Музыка (5-7 классы) для общеобразовательных школ КР. – Б., 2015. 13 с.*
10. *Предметный стандарт по предмету Изобразительно-художественное творчество. – Б., 2015. – 45 с.*


***Рецензент:***
***Абдыкерим Муратов,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***